# "Курманжан датка» көркөм тасмасындагы тарыхый чындыктын бурмаланышы

"Курманжан датка» көркөм тасмасындагы Алымбек датка жана Алай ханышасы жөнүндөгү тарыхый чындыктын бурмалангандыгын айтат тарых илимдеринин кандидаты, доцент, «Алымбек датка жана Алай ханышасынын мурасы» коомдук фондунун төрайымы, Ош шаардык Кеңешинин депутаты Турсунай Өмүрзакова. Чыныгы тарыхтагы Алымбек датка менен Алай ханышасы тууралуу сандан санга «Тарыхка тактоо» рубрикабыздан тааныша аласыздар.

2014-жылы эгемендүүлүк күнүнө карата «Курманжан датка» тасмасынын бет ачары өлкөбүздүн бир топ кинотеатрларында көрсөтүлдү. Бул тарыхый - эпикалык драманын сценарийин жазгандар - Султан Раев, Садык Шер, режиссеру Садык Шер, башкы продюсери Ж. Жолдошева.

Алгач, өткөн доорлордогу улуттук тарых чындыгы жөнүндө терең маалыматы жок кыргыз коомчулугу (советтик доордо кыргыз тарыхын диплом алган тарыхчылар да окуган эмес), тасманы патриоттук сезим менен кабыл алышты. Анткени, эгемендүүлүккө ээ болгон жылдардын аралыгында мамлекеттик идеологияга суусаган жалпы эл ушул тасмадан Курманжан датканын бейнеси аркылуу улуттук идеологиянын башатын көрүүнү эңсеген болчу, себеби Курманжан датканын ысымы эл эсинде кайраттуулуктун, акылмандуулуктун, мекенчилдиктин үлгүсү катары сакталып калган эле.

XIX кылымда европадан келген ориенталисттерге, чыгыш таануучуларга, орустардын аскердик төбөлдөрүнө аттын кашкасындай таанымал болгон тарыхый инсан – Курманжан датка тууралуу тасманы эл кызыгуу менен күтүп жатышкан, ошондуктан аны көрүүгө улуу муундун өкүлдөрү гана эмес, (акыркы жылдарда кинотеатрларга жаштар гана барып калган), башка улуттун өкүлдөрү да агылып келип жатышты. Формасы жагынан тасманы жаман десе болбостур, кыргыздын бейиштин төрүндөй болгон кооз жаратылышы, улуттук колориттин өзгөчөлүгүн чагылдырган улуттук кийими көңүлдү дароо бурат. Атты минип ары-бери чапкылагандар, атка чабандес экендигин айгинелеп турат.

Антсе да, тарыхый чындыкты, мекенчилдикти, абийир-намысты баалагандар тасмадагы орой мүчүлүштүктөрдү дароо эле баамдашты. Ачыгын айтканда, коомчулукта "эрдик кылып кой союп, иттик кылып төш тартты" деген кыргыздын макалындай пикирлер жаралды. Себеби, Курманжан даткага арналып тартылган «тарыхый-эпикалык» тасманы тереңирээк талдап көргөндө, суунун алдында "айсберг" тургандыгын баамдагандар, тасманын мазмунундагы көптөгөн башаламандыктар бар экендигин дароо эле белгилешип, чындыкты айтып, жазып чыгышты. Алар: Г.Исаков, И.Карыпбеков, Э.Байсалов, К.Молдокасымов, А.Турдукулов, К.Абиулин ж.б., негизи жалпы эле кыргыз коомчулугунун бардык катмары пикирин айтып, элибизде кызуу талкуу жаралды. Анткени, тасмада жеке эле Курманжан датка энебиздин өмүр таржымалын эмес, бүтүндөй кыргыз тарыхын бурмалаган, тарыхый окуяларды жамаган, хронологияга туура келбеген, баскынчыларды гумандуу көрсөтүп, жагынып, жагалданган, кыргызды арсыз эл катары чагылдырган эпизоддор менен макул болбогондор, Садык Шер өзү айткандай, «кылыч, балта, таягын көтөрө сын-пикирлердин чабуулуна өтүштү». Кызыгы, тасманын маани-мазмуну бул жакта калып, Шердин бардык телеканалдардан кайра-кайра чыгып, андагы карама-каршылыктуу сүйлөгөн сөздөрү, өзүнүн ички маданиятын, эч кандай сын-пикирди уккусу келбеген, «шер» экендигин көрсөткөндүгүндө болду.

Анда эмне үчүн ушул кезге чейин тарыхчы катары тасма жөнүндө пикириңизди айткан жоксуз деген мыйзамдуу суроо туулат. Себеби, биринчиден, Курманжан датка энебиз жөнүндөгү тасмага мамлекеттен 70 млн. сом акча бөлүнүп тартылганына да шүгүр (ал авторлордун эрдиги эмес), советтик мезгилде тасма тартылмак түгүл, тарыхка да жазылган эмес, канчалаган урпактары репрессияга учурап, атылган, куугунтукталган (ал да чоң тарых), ал тургай академик М. Адышев, бай -манаптын тукуму деп, көп жылдар бою «үртепкиге» алынган.

Экинчиден, өткөн тарыхты салыштырып карасак, экинчи дүйнөлүк согуштун алдында, «немистер от жаксын, орустар күйсүн, биз барып жылыналы» деген америкалыктардын куйсупур саясаты Кыргызстанда учурда өкүм сүрүп жатат, анткени, өлкөбүздө «түндүк-түштүк» деген ооруу менен ооругандарды күүлөгөн «күчтөр», кыргыз саясатчыларынын ортосундагы бири-бирине карата «кансыз согушу», «эрежесиз эр уруш» жүрүп, саясатчыларды кайраштырып, чабыштырып, ансыз да адам ресурсу аз элибиз бирин-бири мойсоп жок болобу деген кооптонуу жаралган шартта тасмага пикир айтууну четке жылдырып койгонбуз. Дагы бир жагы элдин пикирин, оюн уккубуз келген.

Ошондуктан тасманын маани-мазмунун эл таразаласын, эл айтсын деп, тасманы тарткандардын абийирине койгонбуз. Фильмдин болжолдуу мазмуну башында эле түшүнүктүү болгон, анткени тасманы тартуу боюнча мамлекеттик комиссия түзүлгөн жок. Эгерде аттуу-баштуу коомдук, мамлекеттик, маданий ишмерлер, улуттук тарыхчылар жана урпактарынын катышуусунда тасманын сценарийине, режиссерлукка конкурс жарыяланып, тандалып алынганда, мындай мүчүлүштүктөр кетмек эмес. Эмне үчүн фильмдин сценарийин С. Раев, режиссерлукту С. Шер энчилешти, кайсы артыкчылыктары үчүн деген суроо пайда болду. Авторлор урпактары менен тасма боюнча пикирлешүүсү атуулдук да, инсандык да парзы экендигине карабастан, алар менен эсептешкен да жок. Курманжан датканы менчиктеп, каалагандай тастактаган продюсер Ж.Жолдошева буларга үлгү болду окшойт. Үч «шер» биригип, каалагандай мазмунда тасма жаратышты. Ал эми телекөрсөтүүлөрдө пикирин айткан аксакал Чыныбек агабызды кагып-силкип, күпүлдөп, «дүйнөдө экөө болсо, бирөө менмин» деп, эч кимди көзгө илбеген адамдан эмнени күтсө болот? Айтор, карама-каршылыктуу сүйлөгөн сөздөрү, өзүнө-өзү маашырканган текеберлиги, «көркөм киносунан» тапкан «пайдасы», же «зыны» алардын жеке абийириндеги иш болсун, эл өз баасын берип жатат. «Уялбагандан өзүң уял» деп урпактарынын байкоочу болгонунун себеби ошол болгон.

(уландысы кийинки санда)

# "Курманжан датка» көркөм тасмасындагы тарыхый чындыктын бурмаланышы

(башы өткөн санда)

### Совет доорунда тарых идеологиянын куралына айланган

Антсе да, тарыхтын тактыгы үчүн, кийинки муундарга түшүнүктүү болсун деп, фильмге кайрылууну туура көрдүк.

Совет доорунда тарых идеологиянын куралына айландырылган, анда саясат тарыхтан жогору коюлуп, саясий кызыкчылыктарга багындырылган. Натыйжада коомдо бурмаланган, тарыхка калпыс аң-сезим калыптанып, тарыхчылардын жазган эмгектери идеологиянын гана кызматын аткарып келишкен. Атайын көрсөтмөлөр боюнча советтик тарыхчылар улуттук-боштондук күрөштөрдүн баарын айыпташып, орус падышачылыгынын басып алуучулук саясатын жылмалап көрсөтүшкөн. Социалдык теги боюнча «бөтөн, эзүүчү таптын өкүлү» деп эсептелген көптөгөн тарыхый инсандар караланып, тарыхтан так баасын алышкан эмес.

Тоталитардык режимдин багытын улантып, республиканын тарых илими да өз элинин эркиндиги үчүн күрөшкөн, эл кызыкчылыгын коргогон белгилүү инсандардын тарыхтагы ролу, коомго сиңген эмгеги тууралуу маселени көз жаздымда калтырууга аргасыз болгон. Эгер кайсы бир тарыхчы алар жөнүндө туура жана ачык жазганга батынса, ал ошол замат өткөндөгү «патриархалдык көчмөн турмушту даңазалаган антимарксчы» катары айыпталчу. Ошондой мезгил бүктөмүндө калып келген темалардын бири кыргыз тарых наамасында жеке инсандар жөнүндөгү илим - инсан таануу багыты болгон. Жеке инсандарсыз тарых толук болбойт, тарых өткөндүн жакшысынан үлгү, жаманынан сабак ала турган улуу мектеп.

### «Тарыхый инсандарды жаратпаган эл - тарыхтагы миссиясын аткарбаган эл»

Тарыхый инсандарды жасаган ишине, басып өткөн жолуна карап, шарттуу түрдө эки категорияга бөлүп караса болот.

Биринчиси, оң каармандар: адамзатка, элине кызмат кылгандар, адеп - ахлакты, абийирди, уятты баалагандар, эл тынчтыгын, журт амандыгын жеке кызыкчылыгынан жогору койгондор жана кийинки муундарга өрнөктүү жол, көөнөрбөс осуят, улуу насаат болууга татыктуу инсандар.

Экинчиси, байлык, бийлик үчүн, намысын, абийирин саткандар, өз элине, мекенине чыккынчылык кылгандар, жеке кызыкчылыгы үчүн «бардык каражат жакшы» деп, түрдүү айла-амал жасап, эч нерседен кайра тартпаган авантюристтер. Бул терс каармандар жасаган иштер да эл эсинен чыкпайт.

Казак элинин патриот уулу Олжас Сулайманов "тарыхый инсандарды жаратпаган эл, тарыхтагы миссиясын аткарбаган эл" деп жазыптыр. Ар бир доор, мезгил өз улуу инсандарын жаратат. Элге, мекенге кызмат кылууну өзүнүн адамдык парзы катары караган, журт тагдырына өзүн жоопкер сезген, эл тагдырын керт башынын кызыкчылыгынан жогору койгон инсандар бардык доорлордо болгон. Аларды "улуу инсандар, тарыхый инсандар" деп аташат. Ошондуктан дүйнөдө тарыхый тагдыры жеке инсандарга байланышпаган бир да эл жок. Ар бир улутта аты ташка тамга баскандай эл эсинен чыкпаган, кийинки муундарга жашоо - турмушу, ишмердиги, басып өткөн жолу үлгү болгон, эли туу тутуп сыймыктанган, өмүр жолу легенда катары айтылып калган улуу инсандар болгон. Мисалы: Түркияны – Кемал Ата түрксүз, Францияны – Наполеонсуз, Англияны - Черчиллсиз, Кытайды -Ден Сяопинсиз, Россияны - Петр I сиз элестетүү мүмкүн эмес.



### Кыргыздардын тарыхынын бир үзүмүн чагылдырган тасма

Кыргыз элинин көчмөн турмушунда да дарамети, акыл-парасаты бийик, мекенчилдик сезими күчтүү, улуттук руху терең, улутубуздун оор жүгүн аркалап, тар жол, тайгак кечүүлөрдө түңгүюктан жол таап, эл үчүн өмүрүн сайган инсандар ого эле көп болгон.

Алардын катарында Алымбек датка менен Курманжан датканын тарыхый тагдырын мисал келтирсе болот. Алар кыргыз элинин тарыхынын татаал, эң оор учурларында эл кызыкчылыгын, эл амандыгын баарынан жогору койгон (баласын жоготуудан да), ата журтун коргоо үчүн оор милдеттерди аркалап, опол тоодой из калтырган инсандар. Ошондуктан, Курманжан датка жөнүндө тартылган көркөм тасмага мамлекет тарабынан 70 млн. сом акча бөлүнүп, кыргыздардын тарыхынын бир үзүмүн чагылдырууга карата өтө чоң салым кошту деп эсептейбиз.

Анткени, мамлекеттик, улуттук идеология маселеси дал ушул жерде жатат. Жаштарды кимдин мисалында тарбиялайбыз, "максатыма жетүү үчүн бардык каражат жакшы" деп эч нерседен кайра тартпаган, моралдык укугу жок болсо да жулкунуп, жеймжутам деп, «Мен» деген амбициясы өзүнөн алдыга өтүп чуркагандардан үлгү алабы? Же урду-берди сүйлөгөн «баатырлардан» үлгү алабы?

### Курманжан датканын бурмаланган тарыхый жана саясий бейнеси

Айтор, көп мезгилдерден бери эле Курманжан датка энебиздин тарыхый жана саясий бейнесин терс нукта алып чыгууга жандалбасталган атайын күчтөр жашап келет. Ага мисал, 2011-жылы Курманжан датканын 200 жылдык маарекесин белгилөөдө, "Курманжан датка акын болгон, колуна комуз алып ырдап, Оморхандын баласынын тоюнда Амирбек деген менен айтышкан» деп жазып чыгышты. Анда айтууга ооз барбаган саптар бар. Курманжан датканы шайкелең, жеңил ойлуу аял катары көрсөтүшөт:

"Менин атым Курманжан билип кой,
Жерде жаткан камчымды төргө илип кой,
Көңүл берип, көңүлдү ишендирсең,
Телпегинди колго алып бир күлүп кой",.. ж.б.

Омор хан Кокон хандыгын 1809-1822-жылдары башкарган, ал мезгилде Курманжан 11 жаштагы кыз болгон. Тарыхый хронологияга такыр дал келбейт. Андан сырткары 1840-жылы туулган, 29 жаш айырмасы бар, баласы Абдылдабектен да жаш Шабданды Курманжан даткага күйөөлөтүп, Датка энебиздин аброюна, ыйманына шек келтирген, акылга сыйбаган макала жазып чыгышты.

М.Шаханов "женщины индикатор чести, по ней судят о состоянии нации» деп жазган. Чынында эле ар кандай улуттун тагдыры, тазалыгы, элдин келечеги, адеп-ахлагы энелерге - аял затына байланышаары эч кимге жаңылык эмес. "Эркек бузулса -үй-бүлө бузулат, аял бузулса-эл бузулат» деген лакаптын мааниси зор. Бул таризден алып караганда коомубузда аял затын булгаган, калкыбыздын нарк-насилине, каада-салтына доо кетирип, бузууга далалат жасаган бир катмар түптөлө баштады.

(уландысы кийинки санда)

**Турсунай Өмүрзакова, тарых илимдеринин кандидаты, доцент, «Алымбек датка жана Алай ханышасынын мурасы» коомдук фондунун төрайымы, Ош шаардык Кеңешинин депутаты**

# "Курманжан датка» киносунда тарыхый чындыктын бурмаланышы

(башы өткөн сандарда)

Анда сөз башынан болсун. Адегенде эле фильм "ханыша боло турган кызыңды алчы" деп, наристе Курманжанды атасындай эркек таналар какшыктап, шылдыңдап күлгөн эпизод менен башталып, «шуркуяны» таш бараңга алып өлтүргөнү келген окуя менен уланат. Алымбек датка - Оштун мэри, Анжияндын акими, Намангандын парваначысы, Кокон хандыгынын вазири болуп, мамлекеттик деңгээлдеги кызматтарды дээрлик 31 жыл (1831-1862-жж.) аркалап, кыргыз эли, жери үчүн башын кылыч мизине коюп, дайыма эл четинде, жоо бетинде жүргөн, XIX кылымдын 60-жылдарында бирдиктүү кыргыз мамлекетин түптөө идеясын көтөрүп, ошол аракети үчүн башы алынган Алымбек датка күйөөсүнүн көзүнө чөп салган аялга арачы болуп экранда пайда болот.

Тарыхый жана архивдик булактарга кайрылсак, анда мындай маалыматтар бар. Академик Б. Жамгырчинов «Очерки политической истории Киргизии XIX в. (первая пол.)» Ф., 1966.) деген эмгегинде "1832-ж. Алай кыргыздарынын үстүнөн Мадалы хандын бийлигинин орнотулушуна Алымбек каршылык көрсөткөн. Памир – Алай кыргыздарынын башкаруучусу катары Алымбек кыргыздардын өз алдынчалыгын коргоп калууну көздөп бир нече жолу Кокон хандыгына каршы чыккан», "Кыргыз бийлери менен манаптары Кокон хандары менен эриш-аркак тутушкан. Алар жергиликтүү башкарууга гана катышпастан, өзбектер менен бир катарда Кокон хандыгынын жогорку саясий жана аскер башчылыгынын кызматтарына дайындалышкан. Кыргыздын ак сөөктөрү хандыктын саясий турмушунда орчундуу, ал тургай чечүүчү рол аткарышкан",- деп жазган.

Академиктин пикирин казак окумуштуусу Чокан Валиханов (Полн.собр. соч.Т.3.Алма-Ата,1985.) мындайча ырастайт: «кыргыздар Кокон ордосуна кыйыр баш ийишкен, болгону алар наамдарды, кызматтарды ордодон алганы менен, кыргыздар өз алдынча көз карандысыз саясат жүргүзүшкөн". Андан ары Ч.Валиханов «Малабек хан болгондо (1858-ж.) Алымбек сарайдагы эң эле таасирдүү төрөлөрдөн болуп калат. Ал бир мезгилде хандыктагы ири областтарга – Анжиян менен Наманганга аким болуп дайындалат» десе (аталган эмгек, 192-б), кийинчерээк, «Адигине кыргыздары Фергана өрөөнүндө Маргилан жана Ош шаарына жакын айдоолорго аштык айдашат. Ал эми жайкысын Ош тоолорунан Кашкарга чейинки аралыкта өткөрүшөт, кыргыздар өзбектер менен бирдей укукка ээ, алар Кокон армиясында сыпайлар, ал эми алардын уруу башчылары ордодо жана аскердик кызматтарда маанилүү бийлик орундарын ээлешет. Азыркы Кокон вазири Алымбек датка ушул урууну кыргыз бийи...» деп тастыктаган.

Алымбек датканын көз карандысыз кыргыз мамлекетин түптөө жөнүндөгү оюу орус падышалыгынын Түркстандагы бийликте турган аскердик бөлүмдөрүнө гана эмес, алыскы Санкт-Петербургдагы Императорго чейин белгилүү болгондугу жөнүндө мындай маалыматтар бар.

Москвадагы Аскердик-тарых архивинде (ВУА. отд.2, №6763; Өзб. БМА. Ф. И-715, оп.1, 25-иш папка, 329-б.) жана Өзбекстандын мамлекеттик архивинде сакталып турган маалыматтар тастыктайт, анда: Сибирь корпусунун командири, Аскер министри Милютинге жазган катында "Алымбек датка Нарындын бийик тоолорунда, Ысык-Көл менен Кичи Бухаранын ортосундагы түздүктөрдө, көчүп-конуп жүрүшкөн жапайы кыргыздардын арасында калчудай жана биз менен, адегенде достук мамиле түзүп, бул элдин көз карандысыз башкаруучусу болууну каалоочудай өңдөнөт. Биздин Алымбек менен жакындашуубуз Кашкарга барчу кербендерибиздин сапарынын шыдыр болушуна ыңгайлуу шарттарды түзөрүн эске алып, мен полковник Колпаковскийге, эгер Алымбек аны менен чындап мамиле түзө турган болсо, достук байланышын түзүүгө аракеттен деген көрсөтмө бердим»,- деп жазган.

Тышкы иштер министри Горчаков Батыш – Сибирь генерал-губернатору Дюгамелге жазган өзүнүн 1861-жылдын 29-июнундагы «инкогнито» – «өтө жашыруун» билдирүүсүндө буларды көрсөткөн: «Намангандык парваначы Алымбек менен жапайы кыргыздардын Кокон хандыгына каршы уюшулган көтөрүлүшү тууралуу улуу урматтуу мамлекет башчы Императорго айтылды. (РФнын БМАТА. ВУА. 6884- иш папка, 122-б.; Өзб. БМА. Ф. И – 715, оп. 1, 25- иш папка , 116- б.)

Андан ары, Ташкендеги мамлекеттик архивдин 715-фонд, 25-иш кагазында Россия императору Александр II нин Батыш-Сибирь генерал-губернатору Дюгамелге жазган буйругу сакталып турат, анда минтип жазылган: «Алымбек датка жардам сурап кайрылса, аны кабыл албай койбостон, ага колдоо көрсөтүп, аны менен достук мамиле түзгүлө» ( Өзб. БМА. Ф. И – 715, оп. 1, 25- иш папка , 126- б.).

Ошентип, Алымбектин бирдиктүү кыргыз мамлекетин түзүү үчүн аркалык боордоштору менен жашыруун сүйлөшүүлөрдү жүргүзгөндүгүнө чейинки маалыматтар орус тыңчыларынын көз жаздымында калбагандыгын жогорудагы архивдик маалыматтар тастыктайт. Демек, Алымбек датка XIX к. Орто Азиядагы Кокон ханы, Бухара эмиринен кем эмес абройго ээ болгон инсан болгон. Бул тууралуу белгилүү өзбек тарыхчысы, профессор Х.Н. Бабабеков («Народные движения в Кокандском ханстве и их социально-экономические и политические преposылки (XVIII – XIX вв.») -Т.,1990) деген эмгегинде Алымбек датканын саясий ишмердигин төмөндөгүчө көрсөтөт. «Алымбектин көтөрүлүшү өзгөчө көңүл бурууну талап кылат. Биздин оюбузча, эгер Алымбектин кыргыздарды жетектеген баштагы көтөрүлүштөрү негизинен экономикалык маселелерди же болбосо хандыкты башкаруучуларды алмаштыруу жана мамлекеттик иерархиянын бийлигинде кызмат орду сыяктуу маселелерди чечүүнү максат кылган болсо, Алымбек бул жолу өз алдынча жана көз карандысыз мамлекетти түзүүгө умтулган»,- деп жазгандары Алымбек датка ордого каршы бир нече жолу көтөрүлүшкө чыккандыгын, анын ичинде 1860-жылдагы көтөрүлүшүндө өз алдынча жана көз карандысыз мамлекетти түзүүгө умтулгандыгын өзбек окумуштуусу да тарыхый маалыматтардын негизинде ырастайт.

Алымбек датканын саясий ишмердигин, инсандык аброюн төмөндөтүүгө аракет жасап, жалаа жапкан бул тасмага үндөш идеялар советтик тоталитардык мезгилде окумуштуу В.М. Плоскихтин «Киргизы и Кокандское ханство». (Ф., 1977) деген эмгегинде жазылган. Анда «Алымбек датка өз табынын кадимки өкүлдөрүнөн. Өз жанынын кызыкчылыгын көздөгөн каардуу залим, ал тургай өзүнүн букараларынын да өмүрүн аябаган адам болгон. Акыркы көтөрүлүштөрдүн биринин жүрүшүндө Ош шаарынын жергиликтүү калкын ырайымсыздык менен өлтүрүүдө дал ушул Алымбек бөтөнчө айырмаланган. Ал Кокон хандыгындагы көпчүлүк саясий окуяларга жигердүү катышкан. Алайдын, Тянь-Шандын ал тургай Ысык -Көлдүн феодалдарынын ортосунда кастык отун тутандырган» деген пикири, белгилүү тарыхчынын чыныгы жүзүн көрсөтүп турат.

(уландысы кийинки сандарда)

**Турсунай Өмүрзакова, т.и.к., доцент, «Алымбек датка жана Алай ханышасынын мурасы» коомдук фондунун төрайымы**

# «Курманжан датка» киносунда тарыхый чындыктын бурмаланышы

**(башы өткөн сандарда)**

Профессор Т.Өмүрбеков «Алымбек датка жана аркалык кыргыздар» аттуу макаласында «XIX кылымдын орто ченинде кыргыз элинин чыгаан мамлекеттик ишмери, кылдат жана чебер саясатчы Алымбек датканын ишмердиги, аркалык кыргыздардын ага мамилеси, аны ак дилден колдоосу – кыргыз уруулары тарыхый чечүүчү учурларда, татаал кырдаалдарда бекем баш кошуп, биригип турушканынын далили. Алымбек датканын калк камын жеген чыгаан саясатчы катары кадыр-баркы абдан өскөн учур, анын мамлекеттик ишмердигинин туу чокусу XIX кылымда 50-жылдардын аягы 60-жылдардын башына туура келет. Дал ушул жылдарда аркалык кыргыздар дагы аны жалпы кыргыз элинин кызыкчылыгын коргой ала турган жол башчы катары колдошкону анык» деп жогорудагы В.М.Плоскихтин пикирин жокко чыгарат.

Чынында да биз пайдаланган архивдик материалдар, нарративдик (кол жазмалар) жана тарыхый булактар, эл оозундагы айтымдар, эскерүүлөр Алымбек датка кыргыз элинин тарыхында кандай гана шартта болбосун түпкүлүгүндө журт кызыкчылыгын жактап, эл мүдөөсүн көздөгөн, келечекке көзү жеткен көрөгөч, ар кандай коомдук көрүнүшкө өзүнчө ой-пикири бар, жамы журтка кадырман болгон инсан катары тарыхка из калтыргандыгынан көрүнөт.

Окумуштуу Т.Өмүрбеков өзүнүн оюн андан ары төмөндөгүчө улантат: «Көз каранды эмес кыргыз мамлекети кайрадан калыптанып жаткан азыркы учурда элибиздин ички биримдиги, өз ара ынтымагы өтө зарыл. Буга кээде бөтөн улуттардан чыккан ашынган «күйөрмандардын» «кара кылды как жарган калыстары» «кыйытып айтма кыйды акыл, кеңештери» шыкак болууда. Андайлардын көбүнесе карманганы түндүк-түштүк проблемасы».

Кылымдардан бери өздөрүн "жогорку сорт" катары баалагандардын "разделяй, стравливай и властвуй" деген "алтын эрежеси" менен жашап келгендер бул тасмада өз максаттарына жеткендей көрүнөт.

Академик Б. Жамгырчинов «хандыктын кызыкчылыгы кыргыз элинин кызыкчылыгына доо кетирсе, анда кыргыздар иш жүзүндө тез арада оппозицияга өтүшкөндүгүн, Алымбек датка кыргыздардын өз алдынчалыгын сактап калуу үчүн бир нече жолу Кокон хандыгына каршы күрөшкөндү-

гын ырастайт. Ал эми тасмада Бухаранын эмири Музаффар үч кишиден турган «дивизиясын» ээрчитип бетин жаап, Алайга Алымбек датканын сөөгүн арабага салып алып келет, чындыкка такыр туура келбеген бурмалоо.

Алымбек датка 1862-жылы каза болсо, Жантай хан 1868-жылы каза болгон, тасмада тескерисинче, Алымбек датканын арбайы тирилип келип, Жантай ханга жолугуп, "Шабдан атаңа кайт, акыбалы жакшы эмес" деп өзү жүрүп кетет. Атасы өлүм алдында экендигин байкабагандай, Шабдан ала көөдөн май башпы? Кыргызда "туугандын ким экени бир торколуу тойдо, бир топурактуу өлүмдө билинет" деген сөз бар. Эгерде Анжияндык кыргыздар "бир боору болсо", Жантай хан өлсө, Алымбек датка артын карабай кетмек эмес, бул жерде кыргыздын нарк-насили кайда? Көркөмдөөнүн да чеги бар эмеспи:

Курманжандын атасы Маматбайдын образы жөнүндө: «Энеңди урайын ушул эле жетпей жатты эле» деп сөгүнөт Маматбай. «Таш бараңда кызың эмне кылып жүрөт» деп аялына бызырынат. Маматбай адам корко турган каардуу, эгер кызына ошондой мамиле жасаган болсо, Курманжан жалтак, коркок болуп чоңоймок. Ал тургай Маматбайды «томаяк» деп да атайт. Анын өз аты Мамат болгон, короо толо кою, үйүр толо жылкысы Жапалакка батпай, жайында Кашкарга чек аралаш Ажыке, Нура, Көк-Суу жайлоолоруна чейин мал айдап барып, бай болгондуктан, аны Мамат бай дешкен. Эгер малы чакталуу болсо, узак аралыктарга чейин көчүп-конуп, жайлоого чыкмак эмес. Ошол Кашкар чегинде Кулсейиттин атасы Төрөкул менен таанышып, достошуп, «миң жылдык куда бололу» дешип, Курманжан бешиктеги кезинде сөйкө салып жатпайбы.

Курманжан датканын аталаш туугандарынан тараган 80 жаштагы Шермат карыянын көзү тирүү, Ош шаарынын батыш тарабында жайгашкан Жапалак айылында жашайт. «Курманжандын атасы Маматбай накыл билги, орду менен сүйлөгөн, бирөөнүн акысын жебеген, кара өзгөйлүгү жок, мал-жандуу, ата-тегинен динди, руханий түпкүлүктү бекем кармаган адам болгон. Ал короо толгон малын айдап, жайында Алай жайлоолорун конуштап, андан ары Кашкар чегине чейин көчүп-конуп тиричилик өткөргөн»,- дейт Шермат карыя. Кыргызда «Уядан эмнени көрсө, учканда ошону алат» деген макал бар. Курманжандай тирикараак, чечкиндүү кызды тарбиялаган Мамат-

Же учурдагы батыш таңуулаган «ааламдаштыруу» саясатынын идеяларынын Кыргызстандагы аракетинин натыйжасы өзүнүн жемишин берип жатабы?

Курманжан датканын өмүр жолун изилдеп, Москвадагы аскердик тарых архивинде, Санкт-Петербургдагы тарых архивинде жана Ташкенттеги, Алма-Атадагы мамлекеттик архивдерде иштеп табылган маалыматтарда: Кокондун хандары - Мала хан, Кудаяр хан, Бухаранын эмири Музаффар, Түркстан генерал губернатору К. П. фон Кауфман (1867-1882), аскер министри Д.А. Милютин (1861-1881), А.Б. Вревский, Н.И. Корольков, Б.Л. Громбчевский, Е.М. Ионов, М.Д. Скобелев, С.М. Духовский сыяктуу не бир азуусун айга жанган колонизаторлордун архивдик маалыматтарында, иш кагаздарында, эскерүүлөрүндө саясий бейнеси сакталган Курманжан датканы «бир коктунун кемпири» дегендин өзү, бери болгондо эле түркөйлүк.

Айтор, калган эпизоддорду талдоонун да кереги жок. Болгону тактык үчүн белгилеп кетүүчү дагы бир жагдай, Камчыбектин асылышы жөнүндөгү маселе.

Өзбекстандын мамлекеттик архивинде Түркстан генерал-губернаторлугунун канцеляриясынын №1768 архивдик иш папкасы сакталган архивдик документ бар. Анда, дээрлик мындан бир кылымдан ашыгыраак убакыт мурда Камчыбектин асылышына байланышкан орус аскердик төбөлдөрүнүн билдирүүлөрү, телеграммалары, отчеттору, иш кагаздары жана бейкүнөө балдарын канатына калкалап, карандай каралоодон актап калууга, мезгилсиз өлүмдөн сактап калууга аракет жасаган эненин падышалык бийлик төбөлдөрүнө жазган өтүнүч каттары сакталып калган.

Ошондогу чиеленишкен окуяны архивдик маалыматтарга таянып изилдөөдө негизги факт – бул окуяга Камчыбек да, Мамытбек да, Мырзапаяз да катышкан эмес. Ал эми 12 жаштагы Арстанбек жөнүндө сөз да болушу мүмкүн эмес эле. Ошого карабастан, андагы каралоо Камчыбек жана анын жигити Акпалвандын асылышы жана Мамытбек, Мырзапаяз, Арстанбектин Сибирге сүргүнгө айдалышы менен аяктайт. Ошондогу окуя, Камчыбектин асылышы Россиянын борбору Санкт-Петербургдун коомчулугуна массалык маалымат каражаттары аркылуу кеңири маалымдалгандыгын төмөнкү саптар айкындайт: «2-марта 1895 г. в г. Оше Туркестанского края, при-

га жогорудагы архивдик документтер аздык кылса, биз жазган «Курманжан датка. Доор. Инсан. Ишмердүүлүк» деген китепти алып окусун, ага да ишенбесе, Санкт-Петербург шаарына барып сейрек кездешүүчү фонддордон 1895-жылы жарык көргөн «Смертная казнь», (О Камчыбеке) №1739. – «Астраханьский вестникти» караса болот.

Дагы бир маалымат. Түркстан аскердик округунун штаб-капитаны, Алай жазалоочу экспедициясында М.Д. Скобелевдин адъютанты болгон А.Е. Снесарев (1865-1937) жөнүндө жазылган, 2011-ж. Воронежден жарык көргөн, В. Будаковдун «Честь имею. Геополитик Снесарев: на полях войны и мира» деп аталган эскерүү китебинде: «В январскую ночь 1904 г. японцы без объявления войны напали на русскую эскадру, стоявшую на рейде Порт Артура. ... В г. Оше был создан женский комитет по оказанию помощи лазаретам... В это дело включились и местные женщины, даже лично прибыла «царица Алая» Курманджан датха... В Туркестане состоятельные туземные женщины помогали российским лазаретам и семьям русских погибших, а столетняя Алайская царица Курбанджан внесла щедрое денежное пожертвование» деп жазганы, Датка эне 94 жашында дүйнөдөгү болуп жаткан саясий окуялар жөнүндө маалыматы болгондугу жана эл аралык окуяларга кызыккандыгы, ошондогу кырдаалды түшүнүп, орус-япон согушуна катышкан орус солдаттардын жетим-жесир калган үй-бүлөлөрүнө ихсан чыгарып, жардам бергендиги, гумандуулуктун туу чокусунун үлгүсү гана эмес, анын акыл-эси тунук экендигинин, орустарды кектебей, эл башына алаамат түшкөндө айкөл болгондугунун далили.

Курманжан датка менен Фергана облусунун губернатору, генерал М.Д. Скобелевдин жолугушуусу нун күбөсү болгон Б.Л. Тагеев «Памир жүрүшү» деп аталган эмгегинде төмөндөгүчө жазган: «Датка кенже баласы Камчыбек жана небереси Мырзапаяздын коштоосу менен бөлмөгө кирди. Скобелев ордунан туруп, ага жакын келип колун сунду. Мындай кабыл алууну күтпөгөн датка алдастай түшкөнсүдү (мусулмандарда аял эркек кол алышып көрүшпөйт эмеспи) жана анын жүзүндө муңайым жылмаюу пайда болду. «Даткага айтыңызчы,- деп кайрылды ал, котормочу поручик Байтаковго, - мен Алай ханышасын саламаттыкта көргөнүмө кубанычтуумун, ал өзүнүн

# «Курманжан датка» киносунда тарыхый чындыктын бурмаланышы

**(башы өткөн сандарда)**

Полковник М.Д.Скобелев Түркстан өрөөнүн колонияга айландыргандыгы үчүн генерал наамын алган, ал кыргыз эли үчүн баскынчы, аны өтө ырайымдуу, гумандуу көрсөтүшсө, кыргыз тарыхый инсандарын чалагайым көрсөтүшөт. Скобелевди 1876-77-жж. орус-түрк согушунун баатыры экендигин баса белгилеп, генерал Балканга кетип жатат деп, абдан маданияттуу, мекенинин патриоту идеал катары чагылдырышкан. Чындыгында Скобелев 1877-ж. 17-мартта Фергана облусунун губернаторлугунан айдалган, себеби «в Санкт Петербурге был получен донос, взводивший на Скобелева самые тяжкие обвинения...узнав об этом он отправился в Санкт-Петербург, дабы доказать несправедливость обвинения... в 1877 г. он сам отправляется в Балкан, чтобы исправить и восстановить свое положение, новыми заслугами возвратить потерянное доверие» (М.Д. Скобелев. // Русский мир. М., 2000.) деп орустардын жазганы демек, авторлор мактаган генерал Скобелев өз мекенинде коомчулуктун жек көрүүсүнө арзыгандыгын, жоготкон ишенимди (элдинби, императордунбу) кайра оңдоо үчүн Балканга солдаттардын катарында баргандыгы, ал тургай анын өлүмү да күмөндүү болгондугу (мейманканада шуркуянын жанында көз жумган) жөнүндө көптөгөн маалыматтар бар.

"Победителей не судят?" деп баскынчыларды даңазалайт. Генерал Скобелев Курманжан датканы «так называемая Алайская царица» дептир, алар кыргыздарды «туземдер, шайкалар, жапайылар» деп да атаган. Шерияз менен Раев Курманжан датканы «шайкалар» ошондой жазган советтик мезгилди эске салат.

Түштүк Кыргызстандагы кандуу кагылыштар жөнүндө Түркстан генерал-губернатору К.П. фон Кауфман расмий түрдө «Кокон хандыгындагы басып алуунун акыркы этабы хан менен эмес, басып салууга оңой-олтоң боло койбогон элдик кыймыл менен болду» , – деп мойнуна алган. Өзб. РМА. Ф.И-715, оп.1, 67- иш папка, 261-б.

«Орто Азияда орустар тайманбаган жана мынчалык узакка созулган күрөштү эч качан баштарынан өткөргөн эмес. Биз мындай күжүрмөн жоокерлер менен биринчи жолу беттешип олтурабыз жана калайык калк менен күрөшүү жергиликтүү хандыктардын зулумдары менен күрөшкөнгө караганда алда канча оор экендигине ынандык», – деп жазган орус генералы.

Чынында да, ошол кездеги тарыхый кырдаал Алай ханышасын эки жолдун кыйчалышына койгон: биринчиси, курал-жарак жана аскердик күчтөр тең эмес күрөштө кашык каны калганча салгылашуу; экинчиси, бөөдө тукум курут болуудан элди сактап калуу үчүн келишимге баруу;

Кыргыз ханышасы экинчи жолду тандап алган жана ал чечим туура экендигин тарых көрсөттү. Ошол эле учурда генералдын алдына талап коюп, анын аткарылышына жетише алган. Көтөрүлүш жеңилди, бирок Абдылдабек сыяктуу эр көкүрөк жигиттер багынган жок. Эркиндикти сүйгөн элдин эрки майтарылбай, кыргыз элинин татаал тарыхый жолу уланды.

Маннергейм жөнүндө: Маннергейм 1906-жылдын 12-13-августундагы Алайда Курманжандын небересинин коомай коштоосунда, ага мүнөздүү болгон шамдагайлык менен шарт эле өзү минди. «Алай ханышасынын» өмүрү ат жалында өткөнү көрүнүп турду», - деп жазган Финляндиянын келечектеги президенти.

Курманжан датка менен түшкөн сүрөт дал ошол жай айларында Алай өрөөнүндө, Чыйырчыктын белинде небереси Кадырбек менен чогуу боз үйдүн ичинде жана сыртта ат үстүндө тартып алынган. Курманжан датканын оң тарабында олтурган Франция экспедициясынын башчысы Поль Пелиот экендиги жөнүндө да эскертип кетет Маннергейм. Бул тарыхый окуя жөнүндө далай жолу басма беттеринде жарыяланып, ал тургай Россиянын Борбордук телеканалынан да көрсөтүлгөн. Ал сүрөттү К. Боконбаев кызматтык командировкага Хельсинкиге барганда алып келген. Ал эми тасмада Курманжан датка Маннергеймди таанымбай, «бул ким?» деген калпыс суроо узатат.

В.А. Сухомлинский "Мекендин чыныгы патриотун өлтүрсө, өрттөсө, тирүүлөй жерге көмсө болот, бирок багындырууга болбойт",- деп жазган. Алымбек датка бирдиктүү кыргыз мамлекетин курууга, кыргыз элинин башын бириктирүүгө (Шерияз менен Раевдин сөзү менен айтканда «аркалык туугандарына кошулайын дептир, бузуку, бөрү баласы ит болбойт») умтулган. Душмандар ошол максаты үчүн аны өлтүрүшкөн. Алар тарбиялаган балдар: Абдылдабек чегинген, багынган эмес. Камчыбекти орустар дарга асышкан, жан соогалабай өлүмгө тике караган. Курманжан датка тынчтык келишимине барган, чөгөлөгөн эмес. Тасмада «баламды өлүмдөн сактап калсаңыз тасың дейт элибизде. Сөзсүз түрдө жазылган китеп, тартылган фильмге сын-пикир айтылат. Сынды татыктуу көтөрө билүү да эрдик болуп саналат. Же С.Шер ушундай мазмунда фильм тартсам, эртең "Оскарды" алып эле атак-даңкка бөлөнүп, акчага көмүлүп калам, баары дүйнөнү ыраазы болот деп кыялданганбы? Сын айткан эле адамды беттен алып, оозго алгыс сөздөрдү айтып (теле көрсөтүүгө ар бир жолу Тезекбаевге окшогон "коштоочуларын" ала келет) өзүнүн өтө жогорку деңгээлдеги "маданияттуулугун, билимдүүлүгүн, интеллекти бийик экендигин, өзгөчө аял кишилерди сыйлаган "мырза жигит" экендигин көрсөтүп жатат.

Платон: «ты мне друг, но истина дороже» дегендей, көптөгөн жылдардан бери инсан таануу темасын изилдеген тарыхчы, анын ичинде 1996-жылы «Курманжан датка. Доор. Инсан. Ишмердүүлүк» деген темада кандидаттык диссертация коргогон изилдөөчү катары жана бул инсандардын түздөн-түз урпагы болгондуктан, мендеги болгон архивдик материалдарга таянып (көп маалыматтарды кыскарттым), тасмадагы тарыхый фактыларга карата бо... чындыкты айтканга коомчулуктун мага ...рылган суроосу да себепчи болду.

Дагы бир белгилеп кетчү жагдай, улуттук сынды, жергиликтүү пикирди тоготпогон С.Шер, Шерон Стоун жөнүндө «мы не верили, это было насколько нереально, но она пришла, я ей очень благодарен, Стоун была без ума от фильма», (ал биз үчүн такыр авторитет эмес) деп Стоунга жолукканына, сүрөткө түшкөнүнө толук бактылуу болуп, эң негизги сынчысы жана эң акыркы чындык Шерон Стоун, анын

менен Раев Курманжан датканы «шайкалар» дебегенине да шүгүр келтирели.

Андан ары академик Б. Жамгерчинов «Кокон хандыгы Россияга кошулгандан кийин памир-алай кыргыздары өз алдынчалыгын сактап калууга аракет кылышкан. Адатта памир-алайлыктар Кокондогу ар түрдүү сарай күрөштү пайдаланып хандык көзөмөлдөн чыгып кетишчү. Көз каранды эместикти туу туткан Курманжан датка жана Абдылдабек орустарга каршылык көрсөтүштү" деп жазганы бар. Жамгерчинов Б. "Очерки политической истории...", 396-б.

Абдылдабек баатырларча салгылашкан ал көтөрүлүш тарыхта 1873-1876-жж. элдик көтөрүлүш деп аталып калган. Ага 100 миңден ашуун адам катышкан жана түштүк кыргыздардын эң ири боштондук кыймылы катары кеңири аймакты кучагына алган. Бул көтөрүлүштү илимпоз тарыхчылар элдик-боштондук мүнөздөгү кыймыл катары баалашат. Абдылдабектин Жаңырык капчыгайындагы орустарга каршы күрөшү жөнүндө, Москвадагы Аскердик тарых архивинде сакталган маалыматтар жетерлик. Анда орустар кыргыздардын баатырдыгын мойнуна алышкан, ал эми бул тасма "улуу агасы" кандай айтса, 1906-жылдын 12-13-августундагы Алайда Курманжан датка менен болгон жолугушуусун жол күндөлүгүндө абдан ыраттуу сүрөттөп жазыптыр. «Караңгы кирип кетти... Биз Асанбектин эки чоң боз үйүн бир кыргыздан сурабасак, таптакыр тапмак эмес экенбиз. Саат тогузга жакындаганда «жол азабы, көр азабы» дегендей, кырк беш чакырым жол жүрүп араң таап келдик... Бизди баштап, жол көрсөтүп жүргөн киши кабар айтканы алдыга чаап кетти. Кыргыздар биздин келишибизди күтүп камылга көрүп турушкан экен. Эң жакшы килемдер салынган жана кооз туш кийиздер тартылган боз үйдүн ичи меймандостукту билдирип турду.... Мен эртеси «Алай ханышасы» деген ат менен белгилүү болгон Асанбектин апасы коңшу боз үйдө жашаарын билдим. Ал жакындарынын коштоосу менен мага тигилген боз үйгө учурашканы кирди. Курманжан датка Түркстандын генерал-губернатору тартуу кылган жибек жиптен токулган чекелери кундуз менен капталган бажоо чепкен кийген... экөөбүз тилмеч небереси аркылуу аңгемелештик. Андан кийин биз боз үйдүн ичинде аны бир нече жолу сүрөткө тарттык. 96 жаштагы байбичени сыртта, ат үстүндө сүрөткө түшүүсүн сурандым. Кооз ээр-токумдалган күрөң атка Тасмада «баламды өлүмдөн сактап калсаңыз болгону» деп жалдырайт. Камчыбекти тагдыры жөнүндө сөз жүргөн жерде, Абдылдабектин жүрөгүн «возьмите, вам это пригодиться» деп карматат. 1877-жылкы окуя менен 1895-жылкы окуя аралашат. Буларга 20 жыл көз ирмем окшойт. Ошентип, тасманын формасы кооз, мазмуну жана идеялык мааниси төмөн, эң чоң тарыхый окуялар бурмаланган, адам фактору, адам мамилеси баштан - аяк негатив.

Тасманы көргөндөр күбө болушкандыр.

Перстердин падышасы Дарий дайыма Кудайдан, "Аллахым Иранды үч нерседен: жалгандан, кургакчылыктан, тышкы душмандардан сакта" деп суранчу экен. Мен болсо кыргыз элин "эки жүздүүлүктөн, күн тийген жердин күкүгү болгон шылуундардан, тойбогон, долу, ач көздөрдөн, тымызын былгыткан, Кудайдан коркпогон, ыймансыз, кошоматчы наадандардан, өмүр бою жогорку кызматтарды ээлеп, болгон сыйлыктарды алып, бирок кыргыздын тузуна түкүргөн душмандардан сакта" дээр элем. Анткени, кыргыз элибиз эзелтеден эле чынчылдыкты, ар-намысты, мекенчилдикти бийик баалаган, ыйманды, адеп-ахлакты туу тутуп, карманып келген эл болгон.

Колуң менен кылганды мойнуң менен тартажана эң акыркы чындык Шерон Стоун, анын баасы негизги критерий ал мактаса болду, кыргыздардын пикири эмнени чечмек эле деген таризде («өз агасын агалай албаган, өзгө агасын сагалайт» деген макал бар), негизи батышка, америкага, голливудга сыйынуу жаштарга жарашат (алардын арасында да мекенчил, американын баалуулугунан кыргыз баалуулугун жогору койгондор көп).

Байыркылар "тарыхы жана маданияты уурдалган эл – бактысыз эл" деп бекер айтпас[illegible]рек. Алымбек датка атабыз менен Курма[illegible] энебиз бүт өмүрүн арнаган бүгүнкү азаттыгыбызды, өлкөбүздүн тынчтыгын жана жыргалчылыгын камсыз кылалы десек, биз биринчи иретте тарыхыбызды, маданиятыбызды, ички ынтымак-ырашкерлигибизди, биримдигибизди, улуттук ар-намысыбызды баарынан бийик да, ыйык да туталы. Биз ошондо гана Ата мекенибизди гүлдөгөн мамлекетке айландырып, Алымбек датка менен Курманжан энебиздей улуу инсандарыбыздын арбагын ыраазы кылган болобуз.

***Турсунай Өмүрзакова, тарых илимдеринин кандидаты, доцент, «Алымбек датка жана Алай ханышасынын мурасы» коомдук фондунун төрайымы***